КАРАЛДЫ
ТКТКнин Пед. кеңеши
Протокол №_2_ от_27.01._
«_27_»_01_2023г.

БЕКИТЕМИН
ТКТКнин директору
_______Аракеев М.У.
«_27_»_______2023г.

**Тоо-кен технологиялык колледжинин Педагогикалык кеңешмесинде 2022-жылдын 01-сентябрында кабыл алынган Студенттердин билимин текшерүүнүн электрондук модулдук-рейтингдик системасы жөнүндө Жобосунун жаңы редакциясы**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Студенттердин билимин текшерүүнүн модулдук-рейтингдик системасы жөнүндө Жобо ТКТКнин жумушчу пландарына киргизилип, окуу бөлүктөрүндө жүзөөгө ашырылып жаткан бардык дисциплиналарды камтыйт.

1.2. Студенттердин билимин текшерүүнүн электрондук модулдук-рейтингдик системасы окутуунун кредиттик технологияларын колдонуп орто кесиптик адистиктерди даярдаган ТКТКнин бардык окутуучулук багыттарына тиешелүү

1.3. Студенттер модулдарды кээ бир сабактарда электрондук негизде AVN маалыматтык системасында тапшырышат. Жыйынтыктоочу сынак негизги билим берүү программасында каралгандай оозеки, жазуу же тест түрүндө жүргүзүлөт

## 2. Бул жобо төмөнкүлөрдүн негизинде түзүлгөн:

2.1. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы;

2.2. КРнын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген ECTSга Кыргыз Республикасында колдонуу боюнча нормативдик документтердин жыйнагы;

2.3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы № 346 токтому;

2.4. ТКТКнин жобосу.

## 3. Модулдарды (учурдагы жана чектердеги текшерүүлөрдү) өткөрүү графиги жана эрежелери

3.1. 11-класстын базасы үчүн 1-8-жумалардын жыйынтыгы боюнча биринчи модуль 7-8-жумада өткөрүлөт, ал эми 9-класстын базасы үчүн 1-10-жумалардын жыйынтыгы боюнча биринчи модуль 10-жумада өткөрүлөт

3.2. Экинчи модуль 8-16-жумалардын жыйынтыгы боюнча 15-16-жумада жана 19-20-жумаларда өткөрүлөт

3.3. Студенттерге модулдарга киргизүүгө сабак өткөн окутуучунун уруксаты менен, директордун орун басары жана колледждин окуу иштери боюнча жетектөөчү адисинин кол коюуусу менен ишке ашырылат. Модулдарга киргизүүгө уруксат берүүдө студенттин сабактарга катышуусу каралат.

3.4. Ар бир модулдун суроолору 20-30 суроодон турат

3.5. Студентке модулдарды тапшыруу үчүн 20-25 суроого 20-30 минутага чейин убакыт берилет 1-семестрдеги экинчи модулга келишимдик акыны 50% төлөгөн студенттерге уруксат берилет. 2-семестрдеги экинчи модулга 100% келишимдик акыны төлөгөн студенттерге уруксат берилет.

3.6. Ар бир семестрде студенттердин билими 100 баллдык система менен бааланат жана ал үч этапка: 1-модуль *(М1)*, 2-модуль *(М2)*, жыйынтыктоочу текшерүү *(ЖТ)* болуп бөлүнөт.

3.7. Модулдарда жана жыйынтыктоочу текшерүүдө босого (пороговый) балл 18 баллга барабар деп эсептелет, анткени ал 30 баллдын 60%тин түзөт.

3.8. *Эгерде студенттин топтогон баллы 18 баллдан төмөн болсо, анда ал модулду же жыйынтыктоочу баллды кайра тапшыруусу зарыл.* 100 баллдык баалоо системасындагы босого балл 60 ка барабар (1-таблица).

1-таблица

Баллдарды топтоо жолу менен баалоо системасы

| **Баалоо этаптары** | **1-модуль** | **2-модуль** | **Жыйынтык-тоочу текшерүү** | **Колдоо баллы** | **Жалпы балл** |
|---|---|---|---|---|---|
| Баллдар | 30 | 30 | 30 | 10 | 100 |
| Босого балл | 18 | 18 | 18 | | 60 |

3.9. Студенттердин билимин текшерүүнү AVN системасындагы электрондук түрүндөгү текшерүүнүн жыйынтыктары электрондук ведомостторго топтолот жана директордун колу коюлуп тастыкталат

## 4. Электрондук модулдарды жана жыйынтыктоочу сынактарды тапшырууда билимди баалоо системасы

4.1. Электрондук модулдарды жана жыйынтыктоочу сынактарды тапшыруу ТКТКнин Педагогикалык кеңешинде кабыл алынган “Билимди баалоо системасы” боюнча кабыл алынган жоболордун негизинде бааланат

4.2. Студенттердин билими жыйынтыктоочу текшерүүдө 40 балл менен бааланат. Сынака 30 балл, 10 баллы студенттердин окуп үйрөнүүдө иш-аракеттерин активдештирүү максатында сыйлык балл катары берилет.

4.3. Билимди баалоонун **30 баллдык шкаласы** менен 100 жана 5 баллдык баалоо шкалаларын салыштыруу үчүн 2 - таблицаны пайдаланабыз.

2-таблица

Баллдарды салыштыруу таблицасы

| 30 баллдык система | 100 баллдык система | Тамгалык система | Традициялык система |
|---|---|---|---|
| **26 - 30** | **87 - 100** | **A** | **Эң жакшы** |
| **24 - 25** | **80 - 86** | **B** | **Жакшы** |
| **22 - 23** | **74 - 79** | **C** | |
| **20 - 21** | **68 - 73** | **Д** | **Канааттандыраарлык** |
| **18 - 19** | **61 - 67** | **E** | |
| **9 - 17** | **31 - 60** | **FX** | **Канааттандыраарлык эмес** |

ТКТКнин жетектөөчү адиси Исабекова В.Ш.